КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ
ЫСЫК-КӨЛ РАЙОНУ

САДЫР АКЕ АЙЫЛ
АЙМАГЫНЫН АЙЫЛДЫК
КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ
ИССЫК-КУЛЬСКИЙ РАЙОН

АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ
САДЫР АКЕ АЙЫЛНОГО
АЙМАКА

---

## Садыр аке айылдык кеңешинин эл депутаттарынын XXVIII чакырылышынын кезектеги 6-сессиясы

## ТОКТОМ

**30 апрель 2022 жыл № 30** **Григорьевка а.**

### Садыр аке айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобону бекитүү жөнүндө

Садыр аке айыл аймагынын тургундарынын 11-март 2022-жыл жыйынынын протоколу менен таанышып, талкуулагандан кийин Эл депутаттарынын Садыр аке айыл кеңешинин XXVIII чакырылышынын кезексиз алтынчы сессиясы **токтом кылат:**

1.Садыр аке айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо бекитилсин.

2.Үй -бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эскерүү үрп-адаттарын тартипке келтирүү боюнча көзөмөлгө алуу комиссиясы төмөнкү курамда бекитилсин:

Комиссиянын төрагасы М.Т.Тикибаев -аксакалдар сотунун төрагасы
Мүчөлөрү: Б.С.Чичканбаев-айылдык кеңештин төрагасы
А.Б.Орозалиев-айыл өкмөтүнүн башчысы
Т.С.Арпачиев-Пристань айылынын айыл башчысы
К.Д.Исмагулов-айыл өкмөтүнүн инспектору
Ишембек уулу А- жаштар уюмунун жетекчиси
Г.Ч.Бозунбаева- аялдар кеңешинин төрайымы
М.Т.Сейталиев-айылдын имамы
Темир Помунун окулу-(макулдашуу боюнча)

3.Комиссия курамы Жобонун негизинде калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүшсүн.

4.Токтомдун аткарылышы айыл өкмөтүнүн башчысы А.Б.Орозалиевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **Б.С.Чичканбаев**

**БЕКИТИЛДИ**
**Садыр аке айылдык кеңешинин 28-чакырылышынын кезексиз 6-сессиясынын**
**"30" 04 2022-ж. №30**
**токтому**

## Садыр аке айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө Жобо

1.Жалпы жоболор;
2.Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби;
3.Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби;
4. Маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби;
5.Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары;
5.1 Жергиликтүү комиссия;
6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик.

### 1.Жалпы жоболор

1.1.Бул жобо "Кыргыз Республикасында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын ирээтке келтирүү чаралары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 24-февралындагы ПЖ№54-Жарлыгына ылайык, айыл аймагындагы калктын өзгөчөлүгүн жана салтын эске алып иштелип чыгылган, жергиликтүү жамааттын жыйынында кабыл алынган эрежелерди камтыйт.

1.2.Жобонун максаты айыл аймагындагы калктуу конуштарда үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү ирээтке келтирүү, аларды өткөрүүдө убаракерчиликке, ысырапкерчиликке, маркум ээсин мажбурлоо, өзүн көрсөтүүгө умтулууга, башка адамдардын социалдык абалын тоготпоого жол бербөө, ата салтына терс жөрөлгөлөрдүн күндөлүк турмушта жайылышына бөгөт коюу, элибиздин нукура салт-санаасын жана ырым жырымдарын кеңири жайылтуу болуп эсептелет.

### 2. Жобону иштеп чыгуунун, кабыл алуунун (бекитүүнүн) жана күчүнө киргизүүнүн тартиби

2.1.Садыр аке айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби жөнүндө жобону (мындан ары-жобо) иштеп чыгуу үчүн айыл өкмөтүнүн башчысынын буйругу

менен курамы айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринен, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, ардагерлердин, аялдар жана жаштар уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрүнөн турган жумушчу тобу түзүлөт.

2.2.Ушул Типтүү жобонун негизинде жумушчу тобу тарабынан иштелип чыккан жобонун долбоору айылдык жыйындарда талкууланат, жалпыга тааныштыруу үчүн такталарга илинет, массалык маалымат каражаттарына (интернет булактарына) жарыяланат. Иштелип чыккан жобо айыл кеңештин сессиясында бекитилет.

2.3.Жобону бекитүү жөнүндө айыл кеңештин токтому белгиленген тартипте массалык маалымат каражаттарына (интернет булактарына) жарыяланат.

2.4.Жобого кызыккан жарандарга айыл өкмөтү, айыл кеңеши тарабынан токтоосуз тааныштырылат.

## 3. Үй-бүлөлүк салтанаттарды өткөрүүнүн тартиби

3.1.Үй-бүлөлүк салтанаттарга бешик той, тушоо кесүү той, балдарды сүннөткө отургузуу, нике (үйлөнүү) той, куда тосуу, аны түштөндүрүү, мааракe салтанаттары жана башкалар кирет.

3.2.Үй-бүлөлүк салтанаттар калктуу конуштарда калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча, киргизилген чектөөлөрдү жана тыюуларды бекем сактоо менен өткөрүлөт.

## 4. Маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн тартиби

4.1. Маркумду эске алуу ырым-жырымдарын (акыркы сапарга узатуу, куран окутуу) өткөрүүдө бир бодо малга чейин союлат.

4.2. Маркумду эске алуу ырым-жырымдары мал союуну эсепке албаганда Садыр аке айыл аймагында калыптанып калган жергиликтүү эрежелер жана тартип боюнча өткөрүлөт.

## 5. Үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнү иретке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү комиссиялар жана кызмат адамдары

Жобого ылайык үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымдарын өткөрүүнүн ирээтке келтирүүчү, көзөмөлдөөчү органдарга жана кызмат адамдарына айыл өкмөтүнүн башчысы жана жергиликтүү комиссия кирет.

Бардык комиссиялар өздөрүнүн ишин документтештиришет.

### 5.1. Жергиликтүү комиссия

5.1.1.Жергиликтүү комиссия Садыр аке айыл өкмөтүндө түзүлөт. Анын курамына Садыр аке айыл өкмөтүнүн кызматкерлери, Садыр аке айыл кеңештин депутаттары, аялдардын жана жаштардын уюмдарынын, аксакалдар сотунун, диний уюмдардын, өкмөттүк эмес уюмдардын, ички иштер

бөлүмүнүн участкалык инспектору, жергиликтүү коомчулуктун өкүлдөрү кирет. Жергиликтүү комиссия айыл өкмөтүн башчысынын буйругу менен бекитилет.

5.1.2.Жергиликтүү комиссиянын мүчөлөрү маркумду эске алуу ырым-жырымы өткөрүлүп жаткан жерге чогуусу менен барып түшүндүрүү иштерин жүргүзөт, маркум ээсин жобонун талаптары менен тааныштырып, ал тууралуу журналга кол койдурат, жобонун талаптарынын аткарылышына мониторинг жана көзөмөл жүргүзөт, жобонун талаптарын бузуу болгон учурда ал жөнүндө журналга каттоо жүргүзөт (же акт түзөт), ал тууралуу комиссияда маселе карайт, талапты бузган адамдарга карата чара (анын ичинде коомдук уяткаруу чарасын) көрөт.

## 6. Жобонун талаптарын бузгандык үчүн жоопкерчилик

Садыр аке айыл аймагында үй-бүлөлүк салтанаттарды жана маркумду эске алуу ырым-жырымын өткөрүү боюнча жобонун талабын бузгандык үчүн Кыргыз Республикасынын укук бузуулар жөнүндө кодексине, жергиликтүү жамааттын уставында жана айылдын ички мыйзамдарына жана эрежелеринде каралган (элдик курултай, айылдык жана шаардык жыйындар, жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган) айып жазаларынын өлчөмдөрү, салынган айыптарды төлөө мөөнөтү жана тартиби каралат.